□ Бюджет - бул жарандардын акчасы

Республикабызда жайыт комитеттери түзүлүп, иштей баштаганына аз эле убакыт болду. Сузак районундагы Атабеков айыл округуна караштуу жайыт комитетинин эсепчиси Жумабай Туратовго өзү иштеп жаткан жайыт комитетинин бюджети, салык төлөөсү, ж.б. маселелер тууралуу азыноолак суроолор менен кайрылдык.

БЮДЖЕТТИК КИРЕШЕНИ БУРМАЛАБАСАК

- Сиз иштеп жаткан жайыт комитети качантан бери түзүлүп иштеп жатат жана буга чейин жайыттарды ким тескейт эле?

- Атабеков айыл округуна караштуу жайыт комитетинин түзүлүп иштеп жатканына экинчи жыл болууда. Буга чейин жайыт маселеси аталган айыл округунун иши болуучу.

- Комитеттин бюджетинин киреше булактарын атап, 2010-жылдын бюджети кандай аткарылгандыгына токтолсоңуз?

- Жайыттан багылуучу малдардын ар бир башынан алынуучу салык: бал челекчилерден, пайдалуу аз сандагы кендерди казып алуучулардан, дары дармек өсүмдүктөрүн чогулткандардан.

Баса, айтып кете турган нерсе, биздин жайыт комитети уюшула электе эле жайыттан 2009-жыл үчүн 120 миң сом чогултканбыз. Бул айыл округунун эсебинде калды. План боюнча мал жандыктарынан алынуучу салыкты анык түзүлгөн келишим боюнча 427 миң сомдун ордуна 300 миң сом гана топтой алдык. Ал эми биз быйыл балчелекчилерди жакшылап көзөмөлдөй албай калдык, анткени алар 10 күн 15 күн бир жерде тургандан кийин, гүлдөрдүн ширесине байланыштуу көчүп турушат экен, ошондой эле дары-дармек өсүмдүктөрүн чогулткандар бул жылы бизде болгон жок.

- Пайдалуу кен деп жатпайсызбы, эмне болгон кен?

- Бизде Саз жайлоосу бар ошол жерден көмүр казылып алынат. Көмүрдү казып, иштетип жатканда жайыттардын кыртышына доо кетет, ошол жердин пайдалуулугунан алынуучу каражатты эсептеп, гектарына жараша атайын төлөмдү алабыз. Мындан жайыт комитетине 150 миң сом салык алынышы керек эле, бирок биз бул ишти айыл өкмөтүнүн компетенциясына өткөрүп берүүгө аргасыз болдук, себеби бул иштин башында чоң-чоң адамдар турат экен, алар жайыт комитетинин кызматкерлери менен сүйлөшкүлөрү да келбейт экен. Алыбыз жеткен ишти жүргүзөлү дедик.

- Сиз жогоруда план боюнча 427 миң сом экенин, бирок анын 300 миң сому гана чогулду деп айттыңыз, себеби эмнеде?

- Биздин малчы-койчуларыбыздын салык төлөө жоопкерчилиги боюнча түшүнүктөрү жетиштүү эмес экен. Түшүндүрсөң түшүнгүлөрү келбейт, тескерисинче райондогу, областтагы, укук коргоо органдарында иштеген тааныштарына жүгүрүп барып, арызданып отурушуп, убагында төлөнө турган акчанын мөөнөтүн создуктуруп жатышат.

- Ал тааныштары ортого түшүп, толоттүрбүй жатабы?

- Алар деле мындай нерсеге киришүү болбостугун билип, жергиликтүү бийлик өзү чечет дегендер болду. Төлөгүсү келбегендер канча таанышына барса дагы, бул төлөй турган нерсе экенин аз-аздан түшүнүп келе жатышат, алар менен эми кайра эсептешүү жүргүзөбүз, бул дагы ишти артка тартат.

- Жыйналган акчанын сарпталышы кандай болду?

- Мунун ичинен 77 миң сом райондун бюджетине салык катары, эмгек акыдан 35 миң сом соцфондго төлөндү. 115 миң сомду эмгек акыга жумшайбыз, булардан ашкан акча ошол эле малчы-койчулардын иштөө шарттарын жеңилдетүү максатында ветеринардык аптекаларды, жолдорду, мончолорду, кыркуу жайларын оңдоп, иштеткенге көп жылдык чөп өсүмдүктөрдүн үрөөнүн эгүүгө жумшайбыз.

- Үрөөндү сепкенде жер айдаганга да каражат кетеби?

- Сатып алганга акча кетет, жерди айдабай эле себебиз.

- Өсүмдүктөрдүн өнүп-өсүп чыгышы кандай болот?

- Алардын чымчык жегенден калгандары өсүп чыгат.

- Анда бизде да жарандардын бюджетке чогулган акчасын жеп алган жемсөөсү чоң аткаминерлерибизди ушул чымчыктарга салыштырсак болобу?

- Жок, алар чымчыктардан да зыяндуу.

- Чымчыктар да бир жыргап алат турбайбы. Айтыңызчы, сизде бул маалыматты ачык-айкын айттым деген ишенич барбы?

- Мен муну ишеничтүү айттым, анткени, бизде эсеп деген бар, биз ай сайын райондук салык инспекциясына, соцфондго, статистика башкармалыгына канча акча кайсыл жакка жумшалганы боюнча отчет берип турабыз. Ошондой эле айыл округуна да ай сайын отчет берип турабыз.

- Отчет тапшырууда Сиздерге карата сын пикирлер айтылабы?

- Азырынча айтыла элек, жайыт комитети жаңы гана түзүлүп иштеп жатпайбы, болгону ошол салык төлөбөй жаткандар менен иш алып барууну бир нукка салып алышыбыз керек болуп жатат.

- Жайытты пайдалануудан алынган салыктан эмгек акы, салык, соцфондго кеткенден кийин калган акча жайыттын инфраструктурасын оңдоого жетеби?

- Калган акча албетте жете бербейт. Ошондой болсо да, аны башка жактарга жумшалды деп, кымтып албай, болушунча сарптайбыз. Мындан тышкары, демөөрчүлөр болушу мүмкүн. АРИС уюмунун эгерде жакшылап иштеп кетсеңер, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу коомдорун колдоо программасынын чегинде 200 миң сом беребиз деген убадасы бар, ошол акчаны алып, жайыт инфраструктурасын жакшыртууга жумшайбыз. АРИС уюму биздин жайыт комитетин каттоодон өткөрүү, уюштуруу ишине 3200 сом акча жардам иретинде берген.

- Эми ушул жайыт комитетинин бюджети тууралуу карапайым эл жетиштүү маалымат ала алабы?

- Жайыт комитети жаңыдан түзүлүп иштеп жатканын көпчүлүк эл биле бербейт, бирок биз кайсыл жакка барбайлы ошол жерлерде түшүндүрүү иштерин жүргүзөбүз. Малчы-койчулар малды бакканы үчүн мал башына 1500 сомдон -1700 сомго чейин акы алышат. Салык кодексине ылайык, биз анын 10 пайызын алышыбыз керек эле, бирок биз малчы-койчуларга жеңилдик болсун деп мал башына 98 сомдон, болгону 6-7 гана пайызын алабыз, азыр бизде 44 малчы-койчу жайыттан пайдаланышат. Мурда жайыттар жакынкы, ортонку жана алыскы болуп үчкө бөлүнүп, жакынкы жайыттын салыгы жергиликтүү, ортонку жайыттын салыгы райондук жана алыскы жайыттын салыгы областтык бюджетке кетээр эле. Азыркы учурда бардыгы биригип жайыт пайдалануучулар бирикмесинин атайын эсебине топтолот.

- Сиздин жеке пикириңизче, айыл округунун бюджети жергилктүү элге ачык-айкын маалымдалабы?

- Айыл өкмөтүнүн бюджети айылдык кеңештин сессиясында айтылат. Эми элдерге угузулабы же угузулбайбы билбейм. Биз дагы ошол айылдык кеңешке отчет беребиз, биздин жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 21 мүчөсү бар, булардын курамы 5 депутаттан жана ар бир айылдын тургунунан турат.

Жергилктүү, райондук, областтык, республикалык бюджеттин механизмдери, процесстери тууралуу жарандар ачык айкын маалыматты кантип билсе болот?

- Ар бир айыл округу өзүнүн округунда жашап жаткан жарандарга жооп бериш керек, мисал үчүн айылдык курултай болгондо көп суроолорго жооп берсе болот, кайсы туура, туура эмес экенин айтса болот, а депутаттардын алдында берилген отчётто бардыгы эле ачык-айкын айтылат деп айтууга болбойт. Жергиликтүү жарандар кандайдыр бир туура эмес аракеттерди байкап калышса, ошого жараша талап кылып сурашы абзел. Эч ким деле отчёт бербейт. Курултайда бул акчаны жолго, тигиге, буга жумшадык деп айтылат, мында килейген чыгашанын баары ийне-жибине чейин айтылбайт.

- Эгерде жарандар чыгашанын майда-чүйдөсүнө чейин билбесе, жумшаган тарап кымтып калышы мүмкүн экен да?

- Сөзсүз да. Бардык эле статьяны түшүнө берүүгө болбойт. Билген гана адам тиешелүү жеринен кармап калса болот.

- Деги ачык айкындуулукту кантип камсыз кылса болот?

- Буга биринчиден кызыктар болуп, суроону да туура коё билиш керек. Жалпы суроого жалпыланган эле жооп берилип калат да.

P.S. Мен Жумабай байке менен сүйлөшүп жатканда чымчык тууралуу сөз болот, - деп түк ойлогон да, күткөн да эмесмин. Анан мындан 7-8 жыл илгери Казакстанда иштеп келген инилеримдин бири мындай бир тамашалуу окуяны айтып бергени эсиме түшсө болобу: «Кыргыз-казак чек арасында казактар кыргыз жигитин казаксыңбы же кыргызсыңбы,- деп сурайт. Кыргыз жигити кебетем буларга окшош, сөздү болсо «с», «ш» тамгаларын кошуп сүйлөй берсем боло берет деген ойдо казакмын деп, казактардын суроолоруна жооп берет. Бир учурда казак чымчыкты көрсөтүп, бул эмне деп сурайт, анда кыргыз «шымшык» деп жооп берет. Бул сөздү уккан казактар ээ сен кыргыз турбайсыңбы, муну казакча «кус» деп айтат,- дешкен экен».

Эми казак тилинде *«кус»* деген сөз бизче *«куш же чымчык»* дегенди түшүндүрсө, кыргыз тилинде кус деген сөздү талдоого алганда бул - буйрук этиш катары «кус», «кусуп сал» деп айтылат эмеспи, ал эми өлкө жетекчилеринин туура эмес иштерине наразы болуп, толкуп чыккан элдин оозунан «мамлекеттин коруна колун салып, сугунуп алгандарды кустуруш керек», - деген сыяктуу наразы сөздөрдү угуп, кулагыбыз деле көнүп калган.

Айтайын дегеним, ашказанды да кыйнабай, кусундуга да жеткирбей эле, жетекчимин дегендер алкымын тыйып, адал иштесе Кыргызстандын жарандарынын дагы жашоо турмушу мындан бир топ оңолмок. Анткени бюджетке келген акча - салык төлөгөн жарандардын акчасы. Бирок жарандар өздөрү дагы чымчыктар, б.а. чоңдор жеп кетти деп карап отура бербей, бюджетке түшө турган жана андан кайра сарптала турган акчалардын эсеп-кысабын ачык билүүгө ынтызар болуп, активдүү боло беришсе жакшы натыйжа болоруна шек жок.

Зирек АСАНОВА,
Жалал-Абад шаары.